DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*Торогельдиева К.М., Аттокурова А.Дж.*

# «УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН УЛУУ ХАРТИЯСЫ»: ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН КООМДОГУ ЖАҢЫ РОЛУН ИШКЕ АШЫРУУ

*Торогельдиева К.М., Аттокурова А.Дж.*

# «ВЕЛИКАЯ ХАРТИЯ УНИВЕРСИТЕТОВ»: РЕАЛИЗАЦИЯ НОВОЙ РОЛИ ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ В ОБЩЕСТВЕ

*K.M., Torogeldieva, A.Dzh. Attokurova*

# «MAGNA CHARTA UNIVERSITATUM EUROPEARUM»: IMPLEMENTATION OF THE NEW ROLE OF HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS IN SOCIETY

*УДК: 378.1*

*Макалада жогорку окуу жайларынын коомдогу жаңы ролун жана аны ишке ашыруунун багыттарын изилдөөнү максат кылдык. Ал үчүн "Университеттердин улуу хартиясы" (Magna Charta Universitatum Europearit) жана Евразия мейкиндигинин ЖОЖдорунун меморандуму анализделди. Анализдин жыйынтыгында жогорку окуу жайлардын социалдык институт катары ролун аныктоого жана аны ишке ашыруунун приоритеттүү багыттарын белгилөөгө жетиштик. Хартиянын негизги идеясы боюнча чыныгы университет маданияттын, билимдердин жана илимий изилдөөлөрдүн борбору катарында бүтүндөй коомго кызмат кылышы керек; университеттердин иштөөсүнүн фундаменталдык принциптери катарында автономдуулугу, билим берүү жана изилдөө ишмердүүлүгүнүн биримдиги, изилдөөнүн жана кесипке даярдоонун эркиндиги, европалык гумандуулукту сакташы белиленген. Ал эми Евразия мейкиндигинин ЖОЖдорунун меморандумунда ЖОЖдун социалдык институт экендиги белгиленип, ал илимий чыгармачылыктын үзгүлтүксүздүгүн, академиялык эркиндикти, билим берүү программаларынын жана билим берүү технологияларынын шайкештигин, билим берүү - илим – инновация айкалышын, биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашыруу жана улуттук билим берүү системасы жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыздашы менен толукталган.*

***Негизги сөздөр:*** *"Университеттердин улуу хартиясы", автономиялуу мекеме, изилдөөчү университет, европалык гумандуулук, сапатты башкаруу системасы, интеграция, социалдык институт.*

*В статье ставится цель по исследованию новой роли высших учебных заведений и направлений ее реализации. Для этого были проанализированы "Великая хартия университетов" (Magna Charta Universitatum Europearit) и Меморандум вузов Евразийского пространства. В результате анализа определена роль высших учебных заведений как социального института и назначены приоритетные направления его реализации. Согласно основной идее Хартии, настоящий университет должен служить всему обществу как центр культуры, знаний и исследований; основополагающие принципы университета - автономность, единство образовательной и исследовательской деятельности, независимость исследований и обучения, а также сохранение европейской гуманности. Меморандум вузов Евразийского пространства дополнил принципы деятельности вузов, тем что он является социальным институтом, где имеет место непрерывность научного творчества, академическая свобода, совместимость образовательных программ и образовательных технологий, сочетание образования, науки и инноваций, реализация совместных проектов и обеспечение доступности информации о национальной системе образования.*

***Ключевые слова:*** *"Великая хартия университетов", автономное учреждение, исследовательский университет, европейский гуманизм, система управления качеством, интеграция, социальный институт.*

*The purpose of the article is to study the new role of higher education institutions and the directions of its implementation. For this, the "Magna Charta Universitatum Europearum" and the Memorandum of universities in the Eurasian space were analyzed. As a result of the analysis, the role of higher educational institutions as a social institution was determined and priority directions for its implementation were identified. According to the main idea of the Charter, a real university should serve the whole society as a center of culture, knowledge and research; the fundamental principles of the university are autonomy, unity of educational and research activities, independence of research and teaching, as well as the preservation of European humanity. The memorandum of universities in the Eurasian space has supplemented the principles of universities' activities*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*by the fact that it is a social institution where there is a continuity of scientific creativity, academic freedom, compatibility of educational programs and educational technologies, a combination of education, science and innovation, the implementation of joint projects and ensuring the availability of information about the national system education.*

***Key words**: "Magna Charta Universitatum Europearum", autonomous institution, research university, European humanism, quality management system, integration, social institution.*

Акыркы маалыматтарга караганда бүгүнкү күндө Болон процессине дүйнөнүн 48 өлкөсүнүн жогорку билим берүү системасы тартылган.

Болон процесси (Bologna Process) – бул бирдиктүү Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин түзүү кызыкчылыгын көздөгөн жана негизги максаттарына 2010-жылы жетишүү белгиленген Болон Декларациясынын жоболорун ишке ашыруу процесси [2], "Европалык жогорку билим берүү мейкиндиги – жогорку билим берүүдө макулдашылган жана ачык саясат жүргүзүүчү Болон процессине катышуучу-өлкөлөрдүн билим берүү мейкиндиги" [1] деген мааниде түшүнүлөт.

Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин түзүүнүн алгачкы кадамы "Университеттердин улуу хартиясы" (лат. Magna Charta Universitatum Europearum) деген аталыштагы эл аралык документтин иштелип чыгышы жана 1988-жылдын 18-сентябрында Италиянын Болонья университетинин 900 жылдыгынын урматына чогулган Европалык университеттердин ректорлору тарабынан бекитилиши менен башталган. "Хартия – маанилүү коомдук-саясий маанидеги документ" [5].

Дүйнөлүк масштабда улам тездеп бара жаткан технологиялык өнүгүү шартында элиталык жогорку билим берүүнүн улам барган сайын массалык мүнөзгө өтүү зарылдыгы пайда болуп университеттердин коомдогу жаңы ролун аныктоо керек болгон. "Элита – коомдун кандайдыр бир бөлүгүнүн, топтун ж.б.у.с. мыкты өкүлдөрү" [5].

Хартиянын негизги идеясы боюнча адамзаттын келечеги негизинен маданий, илимий жана технологиялык өнүгүүгө көз каранды болуп бул өнүгүү маданияттын, билимдердин жана илимий изилдөөлөрдүн борбору болгон чыныгы университеттерде ишке ашат; учурда ЖОЖдордун жаш муундарга билим берүү милдети бүтүндөй коомго кызмат кылууга карай кеңейтилиши керек; коомдун маданий, социалдык жана экономикалык келечеги үзгүлтүксүз билим берүүгө көп инвестицияларды жумшоону талап кылат; университеттердин келечек муундарга берген билимдери жана тарбиясы курчап турган табигый чөйрө менен улуу гармонияда жашоону камсыздашы керек. "Гармония – нерселердин айкалышындагы макулдаштык, ireттүүлүк" [5].

"Университеттердин улуу хартиясында" университеттердин иш-аракеттерин жетектөөчү фундаменталдык принциптер иштелип чыккан:

**1. Университет коомдун негизги автономдуу мекемеси,** ал илимий изилдөө жана окутуу аркылуу маданиятты жаратат, аны изилдейт, баалайт жана муундан муунга өткөрүп берет. "Автономия – өзүн-өзү башкаруу, башкаруудагы көз каранды эместик" [5]. Университетте изилдөө жана окутуу сырткы чөйрөнүн талаптарын канааттандырышы үчүн адеп-ахлактык жана интеллектуалдык жактан бардык саясий бийликтерден жана экономикалык кысымдан көз каранды болбошу керек.

Бул принцип 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында "Билим берүү чөйрөсүндөгү саясат ЖОЖдордогу башкарууну борбордон ажыратууга, окутуунун түрлөрүн жана методдорун тандоодогу эркин ишке, инновациялык жана илимий мамилени пайдаланууга багытталат" - деп белгиленген [9].

**2. Университетте билим берүү жана изилдөө ишмердүүлүгүнүн биримдиги**, б.а. билим берүү өзгөрүп туруучу муктаждыктардан, коомдун талаптарынан жана илимий билимдердеги ийгиликтерден артта калбашы керек.

Бул принцип Кыргызстанда алдыңкы университеттердин изилдөөчү университетке өсүп чыгуу боюнча өнүгүү концепцияларында орун алып келет [6].

**3. Изилдөөнүн жана кесипке даярдоонун эркиндиги** университеттин жашоосунун негизги принциби, аны өкмөт жана университеттер сыйлашы керек. Бул принцип көпчүлүк өлкөлөрдүн билим берүү жөнүндө мыйзамдарына кирген, алардын арасында Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында "академиялык эркиндик – мамлекеттик билим берүү стандарттары койгон талаптардын чегинде окутуу программаларын иштеп чыгуу, окуу сабактарын өз алдынча баяндоо, илимий изилдөөлөр үчүн теманы жана аларды ишке ашыруунун усулдарын тандап алуу, ошондой эле окуп жаткандардын өздөрүнүн жөндөмдөрүнө ылайык билим алуу укугу" - деп аныкталган жана билим берүүнү уюштуруунун негизги принциби катары билим берүү уюмдарынын академиялык эркиндиги, академиялык ак ниеттиги белгиленген [4].

**4. Университет европалык гумандуулуктун салтын сактап турат**; ар тараптуу билимдерге жети-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



шүүгө тынымсыз кам көрөт; өзүнүн миссиясын аткаруу үчүн географиялык жана саясий чектерден ашат; түрдүү маданияттардын бири-бирин таанып өз ара таасир этишин кубаттайт. "Гумандуулук – коомдук ишмердүүлүктөгү, элдерге карата мамиледеги адамгерчилик", "Миссия – жооптуу тапшырма, роль, милдет" [5]. Учурда бул принцип улуттук маданиятты, салттарды, жетишкендиктерди сактоо менен толукталып келет.

Хартия бул принциптерди аныктоо менен белгиленген максаттарга жетүүнүн төмөнкү төрт эффективдүү каражатын аныктаган:

**1. Изилдөөлөрдүн жана окутуунун эркиндигин жүзөгө ашыруунун инструменттери университеттин коомчулугунун бардык мүчөлөрүнө жетиштүү болушу керек,** б.а. академиялык коомчулуктун ар бир мүчөсү ЖОЖду башкарууда, материалдык жана маалыматтык ресурстар менен камсыздалышта бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек. Мындай шартта ЖОЖдун академиялык коомчулугунда ажырым болбостон, анын ар бир мүчөсүнүн потенциалын толук пайдаланууга өбөлгө түзүлөт. Ошону менен бирге ЖОЖдун администрациясынын ишмердүүлүгү бүткүл коомчулуктун көз алдында болот, анткени анын ар бир мүчөсүнө башкаруучу звенонун ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат жеткиликтүү болот. Экинчи жактан, университеттин жетекчилери кызмат орундарына академиялык коомчулук тарабынан сунушталып өкмөт тарабынан формалдуу бекитилиши керек.

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында "... мамлекеттик жогорку окуу жайынын жетекчиси (ректору) альтернативдик негизде мамлекеттик жогорку окуу жайдын жамаатынын жалпы жыйынында илимий даражасы жана наамы, ошондой эле тиешелүү квалификациясы бар адистердин ичинен жашыруун добуш берүү менен жөнөкөй көпчүлүк добуш менен шайланат. Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү анын окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде жүргүзүлөт" – деп белгиленген [4].

**2. Окутуучуларды тандоодо жана алардын статусун аныктоодо изилдөө ишмердүүлүгүн окутуудан ажыратпоо принцибин жетекчиликке алуу керек.** "Статус – укуктук абал" [5].

Кыргыз Республикасынын ЖОЖдору изилдөө миссиясына ээ, учурда аны формалдуу эмес ишке ашыруу, аспиранттарды, магистранттарды жана студенттерди илимий изилдөөлөргө кызыктыруу, изилдөө аркылуу гана актуалдуу жана толук кандуу билимдерге ээ болушуна ынандыруу маанилүү.

**3. Ар бир университет, мүмкүнчүлүктөргө ылайык, студенттеринин эркиндигин коргошу, маданиятка жана кесиптик чеберчиликке ээ болушу үчүн шарттарды түзүп бериши керек.** Студенттер үчүн шарттарды түзүү ЖОЖдун сапат кепилдиги системасында (сапатты башкаруу системасында) негизги орунда турат. "Сапаттын башкаруу системасы (СБС) - бул сапаттын жалпы башкаруусун ишке ашырууда зарыл болгон ЖОЖдун мекеме түзүмүнүн, документациясынын (ички жоболор, документтештирилген процедуралардын тартиби, усулдук колдонмолор (көрсөтмөлөр), иш нускоолор (инструкции)), процесстердин жана ресурстардын топтому [8].

Бул жагдайды ишке ашыруу мамлекеттик университеттерде каржыны натыйжалуу башкарууга байланыштуу болот.

**4. Университеттер маалымат жана документтер менен өз ара алмашууну жана билим берүүнү жайылтуу боюнча биргелешкен долбоорлорду билимдерди өстүрүүчү маанилүү каражаттар деп эсептешет.** Ошондуктан өздөрүнүн тарыхый салтын - окутуучулар менен студенттердин мобилдүүлүгүн колдошот; өздөрүнүн миссиясын аткаруу үчүн эквиваленттүү статустарды, наамдарды, экзамендерди жана стипендияларды ыйгаруунун бирдиктүү саясатын жүргүзүү маанилүү деп эсептешет.

Кыргыз Республикасында ЖОЖдордун ортосундагы кызматташтыктын бир механизми катары окуу-методикалык бирикмелердин ишин атоого болот. Алардын ишинин жыйынтыгында компетенттүүлүк мамиледе жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттары иштелип чыкты.

"Сапаттуу билим" долбоорунун алкагында келечектеги математика мугалимин теориялык жана практикалык даярдоо боюнча И.Арабаев атындагы КМУ жана Ош МУнун биргелешкен окуу курстары иштелип чыкан. Учурда "ЖОЖ менен мектептин ортосундагы кызматташтыкты өркүндөтүү аркылуу компетенттүү мугалимди даярдоо" долбоору Кыргызстандын түштүгүндөгү регионалдык ЖОЖдордун окумуштуу-методисттери тарабынан аткарылып жатат.

Студенттердин жана окутуучулардын ички мобилдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн Ош МУнун демилгеси боюнча «Ош Декларациясы» түзүлгөн жана ишке ашырылып жатат. Ошол эле учурда студенттердин жана окутуучулардын эл аралык мобилдүүлүгүнө жетишүү үчүн тилдик жана каржылык маселер актуалдуу бойдон калууда.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Жалпылап айтканда, “Университеттердин улуу хартиясы” жаңы миң жылдыкта жогорку билим берүүнүн коомдогу ордун жана фунциясын аныктоо аркылуу аны өнүктүрүүнүн принциптерин жана механизмдерин иштеп чыгышы актуалдуу жана ЖОЖдордун алдына жакынкы милдеттерди койгон.

“Университеттердин улуу хартиясына” үндөш болгон Евразия мейкиндигинин ЖОЖдорунун меморандуму 2011-жылдын 7-октябрында Астана шаарында кабыл алынган. Меморандум - (лат. memorandum - "эске сакталышы керек болгон") – жазуу жүзүндөгү түшүндүрмө маалыматтама [7]. Бул документ Хартия, Болон Декларациясы жана Казакстан Республикасынын Университеттеринин Меморандуму (Тараз Декларациясы) негиздеген салттарды улантып, улуттук жогорку билим берүү системасы үчүн иштелип чыккан. Евразия мейкиндигинин ЖОЖдорунун ректорлору учурда ЖОЖдордун ролу барган сайын жогорулап жаткандыгын, ЖОЖдор толеранттуулукту көрсөтүп гумандуулук салттарын сакташы керектигин; билимдерди көбөйтүү жана студенттерге берүү менен катар коомдо пайда болгон саясий жана улуттук карама-каршылыктарды жана пикир келишпестиктерди жеңүүгө, позитивдүү прогресс үчүн ар кандай маданияттардын өз ара мамилелешүүсүнө өбөлгө түзүшү зарылдыгын белгилешкен жана жогорку билим берүү системасын андан ары өркүндөтүү үчүн өз ара биригүүгө жана стратегиялык маанилүү көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууга чакырышып төмөнкү учурларга маани беришкен:

- Жаш муундардын билимдүүлүгүн жогорку деңгээлде калыптандыруу маселесин ЖОЖдор гана эмес, бүткүл коом чечиши керек, анткени коомдун келечеги тарбиялоого жана билим берүүгө дайыма олуттуу салым кошууну талап кылат;
- ЖОЖдор жаш муунду дүйнөлүк коомчулукта татыктуу орун алууга мүмкүндүк бере турган сапаттуу билим жана тарбия менен камсыз кылышы керек.

Меморандумда ЖОЖдордун коомду өнүктүрүүдөгү чечүүчү ролу боюнча жетекчиликке алууга тийиш болгон **негизги принциптер** жарыяланган:

1) ЖОЖдор – негизги милдети жаш муунду тарбиялоо жана окутуу, кесиптик билим берүү, квалификациялуу кадрлардын потенциалын жогоруатуу жана билим берүү тармагына инновацияларды киййрүү болгон социалдык институттар. “Инновация – жаңылык кийрүү, жаңычылдык [3].

2) ЖОЖдор студенттерди окутуу жана изилдөө иштерине тартуу аркылуу илимий чыгармачылыктын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууга тийиш;

3) ЖОЖдордогу академиялык эркиндик – окутуудагы, окуп үйрөнүүдөгү жана илимий изилдөөдөгү чыгармачылык;

4) ЖОЖдор билим берүү программаларынын жана билим берүү технологияларынын шайкештигин камсыздоого умтулушат;

5) ЖОЖдор билимдердин үч бурчтугунун түзүлүшүнө өбөлгө болушу керек: билим берүү - илим - инновация. ЖОЖдордун эң маанилүү милдети – билим берүүнү, илимди жана өндүрүштү интеграциялоо, жумуш берүүчүлөрдү жана башка кардарларды социалдык өнөктөштүккө тартуу болушу керек.

2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында “ЖОЖдор инновациялардын жана жогорку технологиялардын башаты болуп калат. Билимдин жана технологиялардын трансферинин системасы түзүлөт” - деп белгиленет [9].

6) ЖОЖдор биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүп, улуттук билим берүү системасы жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылышы керек.

Жогорудагы принциптердин алкагында максаттарга жетүүнүн төмөнкүдөй жолдору сунушталган:

1) глобалдык инновациялык коомдун талаптарына жооп берген жана ага ар бир адамдын толук кандуу катышуусуна мүмкүнчүлүк берген заманбап, натыйжалуу билим берүү системалары түзүлүшү керек. “Глобалдык – бүткүл жер шарын камтыган, жалпы” [5];

2) билим берүү процессинин катышуучуларына ишмердүүлүктүн бардык түрлөрү менен алектенүүгө тиешелүү шарттар жана мүмкүнчүлүктөр түзүлүшү керек;

3) ар бир жогорку билим берүү уюму студенттерге окуп-үйрөнүү максаттарына жетиши үчүн академиялык эркиндигинин сакталышына кепилдик бериши керек.

Жалпылап айтканда, меморандум ЖОЖдордун коомдогу ролун социалдык институт катары баалап Хартиянын принциптерин бекемдөө менен ЖОЖдордун эң маанилүү милдетин - билим берүүнү, илимди жана өндүрүштү интеграциялоо, жумуш берүүчү жана башка кардарларды социалдык өнөктөштүккө тартууну белгилеген.

**Адабияттар:**

1. Болонский процесс: глоссарий (на основе опыта мониторингового исследования) /Авт. сост.: В.И. Байденко, Н.А. Селезнева, О.Л. Ворожейкина, Е.Н. Карачарова, Л.Н. Тарасюк / Под науч. ред. д-ра пед. наук, профессора

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45




В.И. Байденко и д-ра тех. наук, профессора Н.А. Селезневой. - М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2009. – 142 с.

2. Глоссарий терминов Болонского процесса. 27 мая 2010 г. - 25 с.
3. Кузнецов С. А. Большой толковый словарь русского языка. - 1-е изд-е: СПб.: Норинт 1998.
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2003-жылдын 30-апрели № 92 “Билим берүү жөнүндө” (КР 2012-жылдын 29-декабрындагы N 206, 2019-жылдын 1-июлундагы N78 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)
5. Ожегов С.И. Словарь русского языка. Ок. 57 000 слов / Под ред. докт. филол.наук, проф. Н.Ю.Шведовой. -14-е изд., стереотип. - М.:Русс.яз., 1983. - 816 с.
6. Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясы. - Ош: Ош МУ, Билим, 2019. - 52 б.
7. Толковый словарь русского языка / Под ред. Д.Н. Ушакова. - М.: Гос. ин-т "Сов. энцикл."; ОГИЗ; Гос. изд-во иностр. и нац. слов., 1935-1940. (4 т.).
8. Уманкулова О.А., Дуйшебаева Г.Р., Омуров Н.К., Третьяков А.В. Кыргыз Республикасында сапатты камсыздоонун ички тутумун киргизүү жана анын сырткы баалоо механизмдери боюнча практикалык жетектеме. - Бишкек, 2014. - 111 б.
9. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. - Б., 2018. - 154 б.